**Бообек уулу Болот**
Ж. Баласагын атындагы КУУ,
изденүүчү

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН СОГУШ ТЕМАСЫНДАГЫ ЧЫГАРМАЛАРЫНАН: “ТУРМУШТУК ЧЫНДЫККА КАРАЙ”...

(фронттон жазылган жоокер каттарынын мисалында)

***Негизги сөздөр:*** *Чыңгыз Айтматов, “Саманчынын жолу”, “Жамийла” повесттери, согуш каттары, элдик салттуу маданият*

Дүйнөгө калеми менен атагы чыгып, кыргыздын түбөлүк сыймыгына айланган залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун өспүрүм курагы 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун апаат жылдарына туура келген. Мына ошол оор күндөрдө башынан өткөн жана эл арасындагы турмуштук чындыкты, кубаныч-кайгыны, азап-тозокту, сүйүү, махабат, адамдын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылык, каада-салт жана элдик билимдерди, замандаштарынын, деги эле адамзааттын кулк-мүнөзүн өз чыгармаларында ачып бере алгандыгы анын зоболосун дагы бир ирет бийиктешине чоң өбөлгө болгон.

Айтматов ар бир чыгармасында Ата Мекенди сүйүүгө, жаратылышка аяр мамиле кылууга, боорукерликe, билимге, эмгекчилдике, эң негизгизгиси *“адам баласын күн сайын адам болууга үндөйт”*.

Ошол адамдык ыйык сапаттардын туу чокусу болгон мекенчилдик ыйык сезимди Чыңгыз Айтматов ар бир чыгармасында каармандар аркылуу окурмандарга жеткирген. Алсак “Саманчынын жолу” повестинде Майсалбектин апасына жазаган каты, андагы мекенди өзүнүн өмүрүнөн жогору коюп, алдыга койгон максат, кыялдарынан да мекени үчүн алган тапшырманы жанын курмандыка чалып ишке ашырып, Ала-Тоо менен коштошуп, согуш майданынан жазган акыркы катында эмне деген гана бийик нравалуулук камтылган. Ал эми “Жамаийла” повести Айтматовду дүйнөгө дүңгүрөттү. Ал тургай ушул чыгарма жөнүндө көптөгөн адабий сын-пикир, каармандардын образдарын талдоодо карама-каршы ой пикирлер арбын болду жана болуп келүүдө. Чыгарманын башкы каарманы болгон Жамийланын фронттогу өмүрлүк жолдошун күтпөй, чыныгы сүйүүсү үчүн чечкиндүү кадамга барышынын башкы шылтоосу да ушул согуштан жазылган кат болуп жатат.

Жогоруда айтылган “Саманчынын жолу” жана “Жамийла” повестинде жазылган каттар бул улуу сүрөткердин ашыкча көркөмдөлгөн фантазиялары эмес турмуштагы ачуу чындык экендигин баса белгилеп коюшубуз керек. Буга далил катары макаланын автору тарабынан уюуштурулган Кочкор районунун Кара-Суу айылындагы Ш. Рысмендеев атындагы орто мектебиндеги “Тарыхый-этнографиялык аймак таануу” музейине согуштан жазылган жоокер каттары коюлган. Ал каттын ээси согуштан кайтпай калган эр жүрөк жоокер Сардарбек Токтоматов болгон. Каттардын ар бирин кылдат окуп чыкканда Майсалбектин чыныгы портрети көз алдыга элестеп, каармандын прототиби кашкая көрүнөт. Ал эми экинчи каарман Садыктын, ал жашаган ХХ кылымдын биринчи жарымындагы элдик каада-салттагы жаш үй-бүлөнүн ордун этнографиялык жактан талдоого ала турган болсок, музейде сакталган согуш каттары, тарыхый баа жеткис булак болуп саналат.